# СТАМБЕК БААТЫР – ТАРЫХЫЙ ИНСАН

**ЖУСУПОВА М.М., ТОКОБАЕВА Г.Ш.**
biblionsu@rambler.ru

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктүн жана көз каранды эместиктин шарттарында кыргыз элинин өткөн тарыхынын эң маанилүү маселелерине жаңы көз караш менен мамиле жасоо аракети күч алып келүүдө. Мындай мамилени өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы тарыхый өзгөрүүлөрдүн жүрүшү улуттук аң-сезимдин ойгонушу, улуттук патриоттук ар намыстын кайрадан жанданышы менен түшүндүрө алабыз.

Эгемендүүлүккө ээ болгонубузга быйыл 2013-жылы 22 жыл болот. Эгемендүүлүктүн акыркы жылдары өз Ата Мекенибиздин тарыхына мекендештерибиздин кызыгуусу барган сайын күч алууда.

Коомчулукта улуттук аң-сезимдин ойгонуусу, өзгөрүүсү өлкөнүн коомдук-саясий, маданий жана чарбалык турмушунун бардык багыттарын камтып келгени анык. Айрыкча көптөгөн жыл идеологиялык калыпка камалып келген улуттук аң-сезимдин кескин өсүшү кыргыз тарыхнаамесинин (историографиясынын) жаңы нукка түшүшүнө шарт түздү.

Баса белгилей кетсек, көз каранды эместиктин шарттарында гана кыргыз тарых илиминин өсүп-өнүгүшү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлдү, анын коомчулук алдындагы милдети өзгөрдү. Жалпы улуттук кызыкчылыктар четке кагылып, азыркы учурда дүйнөлүк тарых илиминин акыркы жетишкендиктерине, ыкмаларына ык алышуудабыз. Бул өзгөртүү менен дүйнөлүк алкакта хронологиялык чектер аркылуу тарыхтын баскычтарын так аныктоого шарт түзүлөрү анык.

Ушул мезгилге чейин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жүрүшүн изилдеп, анализдөө багыты боюнча бир топ иштер аткарылып келген. Биздин эмки максатыбыз өз Ата Мекенибиздин тарыхындагы жеке адамдардын, өзгөчө улуу инсандардын ордун жана ролун ачып берүү милдети алдыбызда турат.

Кыргыз тарыхындагы улуу инсандар, анын ичинде өзгөчө XYIII-XX кк. чыгаан жол башчылар, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин өмүр жолуна, ишмердүүлүгүнө арналган макалалар, илимий китептер, китепчелер окурмандарга жарыяланып келгени белгилүү. Мисалы, Ажыбек датка, Атаке баатыр, Чыныке бий, Курманжан датка ж.б.

Бирок баатыр бабалардын эрдиктери көпчүлүк учурларда санжыраларда гана айтылып, бүдөмүк бойдон калып келген. Кыргыз элинин баатырлары Ата Мекенин ыйык сезип, аны көздүн карегиндей сакташкан жана кыргыз элинин келечеги үчүн күрөшүшкөн. Алардын тарыхта ээлеген ордун бүгүнкү демократиянын мезгилинде ачык көрсөтүп иликтөө жана аларга туура баа берүү тарых илиминин негизги милдеттеринин бири десек жаңылышпайбыз.

Эмесе сөз ушул мезгилге чейин көмүскөдө болуп, эл оозунда гана айтылып, жергиликтүү басма сөз каражаттарына гана жарыяланып келген кушчу уруусунун сыймыгы болгон тарыхый инсаныбыз **Стамбек баатыр** жөнүндө болмокчу. Ал болжол менен 1820-жылы туулган [1]. Кыргыз уруусунун сол канатынын жетигенден тараган бекболот уруусунан болот. Алгач жетиген уруусунун кыскача тарыхына кайрылсак.

Жетиген уруусунун түпкү теги жөнүндө бир нече кыргыз жана орус окумуштуулары изилдешип, түрдүү пикирлерин айтышкан.

Этнограф, түркolog, кыргыз тарыхын иликтөөчү Саул Матвеевич Абрамзон өзүнүн «Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер» деген эмгегинде: «Баарыдан мурда, саяк этностук тобунун бир катар өкүлдөрү «ногойлордон» чыккан Чекирди же Чакырды, Шакирди түпкү атабыз деп эсептешкенине негиздешет [2]. Жетиген тобунун өкүлдөрү да

ушунун эле өзүн айтышат, алар уламыш боюнча саяктардын түпкү атасынын бир тууганы болгон Нусуп Молдону түпкү атабыз деп эсептешет».

1953-1955-жылдары С.М.Абрамзон баштаган талаа изилдөөлөрүндөгү материалдары жетиген толук түрдө өз алдынча турган уруу жана ал кушчу, саруу, мундуз жана башкалар менен бир катарда сол канаттын курамына кирген деп айтууга мүмкүндүк берет [3].

Ал эми тарых илимдеринин доктору, профессор Маанаев Эгемберди Жумагулович «Этническая история кыргызского народа» (Б.,2008) деген эмгегинде төмөндөгүчө жазат: «Жетиген – крупный род левого крыла». Демек, жетиген уруусу кыргыз уруусунун сол канатынын негизги урууларынан деген пикир чындыкка жакын экенин айткан.

Дагы бир орустун чыгыш таануучу жана этнографы Аристов Николай Александрович биринчи жолу жетиген уруусу тууралуу төмөндөгү пикирин билдирген: «Жетиген является родом, ставшим основой этнического фундамента кыргызов. У хакасов большая звезда жетиген называется в форме «идиген». В народных сказаниях (санжыра) этноним «жетиген», связывают с «эдиге» и «звездой жетиген».

Демек, жетиген уруусу кыргыз уруусунун сол канатынын негизги урууларынан экенин жогорудагы окумуштуулардын ой-пикирлеринен улам жыйынтык чыгарсак болот.

XYIII-XIX кылымдардагы кушчу уруусунан чыккан Стамбек баатыр башынан кушчу жана саруу уруулардын ортосундагы ынтымакты бекемдөөгө салымын кошкон. Мүнөзү кайраттуу, албеттүү жана сүрдүү болгон. Өзгөчө жоо келсе жалтанбаган курч мүнөзү эл оозунда айтылып жүрөт. Аны төмөндөгү окуядан улам байкасак болот.

Кушчу уруусунун үйүр жылкылары жоголуп, табышпай, суй жыгылышып, уруу башчылары жардам сурап, ошол мезгилде доору жүрүп турган солто уруусунун Байтик баатырына барышат.

Ал кезде, доору жүрүп Байтиктин,
Башкарып турган солтону
Жек-жаат кылып өзүнө,
Саруу, кушчу ортону, - деп Талас районунун Кара-Суу айылынын тургуну, санжырачы Орозбек Самсиев өз макаласында так баяндайт [4].

Ошентип Байтик баатырдын аскерлери менен бирдикте Стамбек баатыр уурдалган жылкынын ордуна деп казак элинин жайытында жайылып жаткан жылкысын айдап кетишкен. Бир топ жерге барып аттарын эс алдырышып, арт жагын карашса оргуган чаң көрүнөт. Ал чаң ак боз ат минген казак баатыры Чулунуку эле. Эл оозунда Чулу баатыр бир келгенде жети кишиге бир тең келген деп айтып жүрүшөт. Анда Стамбек баатырдын он алтыдагы жигит кези. Жигиттерди тандаганда Стамбек баатыр мени да кошкула дейт, бирок сен али жашсың, канатың кайрылат дегенине көнбөйт. Стамбек баатыр төмөндөгүчө жооп берген: «Болоор уул жашынан, балаанбай эрдик өтүп кетеби». Жалгыз өзү Чулу баатырга беттешем деп бата сурайт. Анын өткүрлүгүн көргөн жигиттер батасын беришет.

Токтоно албаган баатыр колуна найзасын алып жөнөп калат. Чулу баатыр менен беттешип, ыкчамдыгын нак көрсөтүп найза менен биринчи беттешүүдө эле илип кеткен. Ошондо жарадар болгон Чулу баатыр Стамбекке, «Мен баатыр гана эмес чоң сынчымын, токтоп менин кебимди ук. Мен да сендей курч болгом, найза менен бир сайганда эле он жоону жыкчым. Ак боз атты алгын, эч кимге бербе, ат сеники мээнетиң бар, бирок ээрин мага бер, жамбаштап жазданып жатайын, ошондо жаным тынаар» деп суранган. «Сен менин сыныма толдуң» деп, өкүттө кеткен экен. Ошентип Чулу баатыр арманда калып ээн талаада калган [5].

Стамбек баатыр ак боз атты алкынтып минип солто элине кайтып келе жатып, суу жээгине атын эс алдырганы токтойт. Чарчап келе жаткан баатыр кыйшайып жата кетет, көзү илинип баратканда, ары жактан сары жылан сойлоп жакындаганын байкайт. Стамбек баатыр бул жыландын өнөрүн көрөйүн деп оозун ачып коңурук тарткан болуп калат. Көкүрөгүнөн өйдөлөп оозду карай сойлоп ичине кирип баратканда, сары жыланды кырча тиштеп ыргытат. Баатыр

кебелбей туруп, суyга оозун чайкайт. Кайрылып караса, кырча тиштелген сары жыландын карааны көрүнбөй көздөн кайым болот. Бул сырды көпкө унутпай жүрөгүндө сактап жүргөн.

Стамбек баатырдын дагы бир өмүр жолундагы урунттуу учуру бул өмүрлүк жолдошун тандаганы. Солтонун беги Медетбектин Тармал аттуу келишкен сулуу кызы болгон. Анын колун сурап көптөгөн жуучулар келишкен. Ошол мезгилде Медетбек бек саяктар менен жайлоо талашып жүргөн ичинде кеги бар эле. Саяктардан жерди кайра алыш үчүн бир тулпар керек болгон, ошол максатта үйүнүн эшигинин алдына мамыча ат казык орноттурат. Ким ушу ат казыкка биринчи тулпарын байласа кызымды берем деген. Солтонун беги Медетбектин бул талабын уккан Сатыбалды бий Стамбекке киши жиберет. Ал кебинде баатырдын кызын алып кал, ат казыкка ак боз атты байлап сал деген. Ошентип Стамбек тараптан жуучу барат. Медетбек бек мамыга байланган ак боз тулпарды көрүп кубанат. Тулпардын ээрин алып, дагы бир ат коштотуп, Стамбек баатырга бер, жөө жүрбөй минип жүрсүн деген экен [6].

Стамбек баатырдын өмүр жолундагы дагы бир урунттуу учуру Чүй тараптагы солто уруусунун Байтик баатыр менен болгон мамилеси.

Стамбек баатырдын XIX кылымдагы Кокон хандыгына каршы күрөштө көрсөткөн эрдиктери жөнүндө даңазаланып жүрөт. Стамбек баатыр Байтик баатырдын ишенимдңң жигити болгон деп айтылып жүрөт.

1862-жылы жай айында Чүй өрөөнүнүн Бишкектен Таласка чейинки жеринде жайгашкан солто уруусунун чоң манабы Байтик Канай уулу кокондук аким Рахматиллага каршы күрөш баштаган [7]. Эскерте кете турган нерсе Рахматилла 1861-жылы Чүй өрөөнүнүн бектигине дайындалган. Анын учурунда солто, кушчу, саруу урууларын кокондуктар ашыкча салыктар менен эзип жиберишкен. Кыргыздарга каршы зордук-зомбулуктар күчөгөн.

Анын үстүнө Бишкек чебинде аманат катары жүргөн Байтик баатырдын уулун Рахматилла мазактагандыгы үчүн жазалоо максатында жайлоого чакырган. Кыраакы Рахматилла шек санап барган эмес. Кек сактаган Байтик баатыр кайрадан Боз-Бөлтөк шилисине – Ак-Чийге көчүп келип, той өткөрөт.

Жогоруда айтылгандай Байтик баатыр тойго экинчи ирет Рахматилланы чакырат. Акыры бул тойго Рахматилла бир нече сарбаздары (аскерлери) менен алдын-ала көтөрүлгөн ак өргөөгө келип түшөт. Бирок Рахматилла ага карата каршы уюштурулган той экенин билген эмес. Той ортолоп кызып калганда Байтик баатырдын жигиттери Рахматилланын өзүн жана сарбаздарын курчоого алышат. Айлакерлик менен курчоодон Рахматилла аким качып чыгат, бирок Көкүм манап артынан кууп жетип, найза менен сайып өлтүргөн. Ошентип солто, кушчу, саруу элин кокондуктардын зордук-зомбулугунан куткарышат.

Ошол тойго Стамбек баатырдын туугандарынын бээсин Байтик баатыр айтпай эле сойдурган. Стамбек баатырдын таарынычы ичинде калган. Аны байкаган Байтик баатыр байбичеси аркылуу себебин сураткан. Стамбек баатырдын таарынычынын себебин билген Байтик баатыр эки-үч эселеп бээсин кайтарып бергиле деген, бирок буга Стамбек баатыр көнгөн эмес дагы кушчу уруусун Таласка көчүрүп кеткен.

Эл оозунда Стамбек баатырдын кушчу урууларын Чүйдөн Таластын Данбагар айылына көчүрүп келгендиги жөнүндө эки көз караш айтылып жүрөт.

1. Кокон акими Рахматиллага каршы уюштурулган тойго анын туугандарынын бээсин Байтик баатырдын айтпай сойдурганы.

2.Солтолор менен жер талаш болот дегени.

Ал эми баатыр өзүнүн ордосун саруу менен кушчу уруусунун ынтымагын сактап, ортосуна чеп болуп турайын деп Данбагарга жайгашкан. Уруу ортосундагы чыр-чатактарды тынчтык менен чечип койгон.

Рахматилла акимди жазалоодо, кушчу, саруу элин Кокон хандыгынын кыйноосунан сактоодо чоң салымын кошкон тарыхый инсан десек жаңылышпайбыз. Баатырдын эмгегин

баалап, Түркстан генерал губернаторлугунан сыйлыкка күмүш чакча берилгенин анын чөбөрөсү Избасарова Гулнара, Мамбеталиев Болотбек, Кадырбек уулу Теңдик дастыкташат [8].

Стамбек баатыр аялзатын сыйлаган. Ар дайым элинин алдында кылган иштеринин жыйынтыгын айтып турган. Баатырдын бул сапатынан демократиялык принциптин белгилерин байкасак болот.

Стамбек 1890-жылы дүйнөдөн кайткан.

1993-жылы 24-майда Данбагар айылын Стамбек баатырдын урматына Стамбек баатыр айылы деп аталган. Азыркы мезгилде баатырдын күмбөзү Талас районунун Чат-Базар айылынын баш жагындагы Бүргө баатырдын күмбөзүнүн бет маңдайына курулуп жатат. Толук бүтө элек.

Стамбек баатырдын Мамбетаалы, Бегаалы деген балдары болгон. Алардан тараган урпактары азыркы мезгилде Талас облусунда жашашат. Алар, Бегаалы кызы Нарбүбү апа (91 жашта), Мамбеталиев Болотбек, Кадырбек кызы (Избасарова) Гулнара, Мамбеталиев Болотбек.

Стамбек баатырдын Кыргызстан тарыхында ээлей турган ролу бар, себеби анын тарыхый инсан катары калыптануусуна өз мезгилинин жана анын жеке баатырдык сапаттарынын өзгөчөлүгү чоң роль ойнойт. Баатырдын өмүрү жана анын эрдиктери кийинки жаш муундар үчүн тарбиялык мааниси зор.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Информаторлор: Айталиев Кундузбек.Талас району. Ак-Сай айылы. 80 жашта. Жусупов Молдобек Талас району. Ак-Сай айылы.70 жашта.
2. Жетиген санжырасы. Б., 2009.
3. Абрамзон С.М Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999.
4. Самсиев О. Стамбек баатыр баяны. Б., 2010.
5. Өмүрбектегин Т., Чоротегин Т. Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б.,1992.
6. Информаторлор: Бегалы кызы Нарбүбү. Талас району. Чат-Базар айылы (91 жашта). Избасарова Гулнара Талас шаары (коомдук ишмер). Мамбеталиев Болотбек Талас району. Кара-Суу айылы, Кадырбек уулу Теңдик. Талас району. Кара-Суу айылы.